УДК 81’ 27

Кулубекова Азарабү Оморакуновна, Ош мамлекеттик университети, Ош шаары, Кыргыз Республикасы, филология илимдеринин кандидаты, доцент. ORCID: 0000-0002-6352-5459. e-mail: akulubekova@oshsu.kg : (+996772 224 515)

ДОНАЛЬД ТРАМПТЫН САЯСИЙ КЕБИНДЕГИ ТААСИР ЭТҮҮЧҮ ТИЛДИК КАРАЖАТТАР: 2016-ЖЫЛДЫН 22-ИЮНУНДАГЫ СӨЗҮНҮН НЕГИЗИНДЕ

Аннотация. Лингвистердин саясий дискурска жана саясий лидерлердин тилдик жүрүм-турумуна болгон кызыгуусунун өсүшү саясий сөздөгү таасир этүүнүн тилдик каражаттарын изилдөөнүн актуалдуулугун аныктайт. Макалада Дональд Трамптын 2016-жылдын 22-июнундагы коомдук сөзүндө колдонгон тилдик таасир этүү каражаттары каралат. *Изилдөөнүн максаты* – саясий жактан маанилүү маалыматты баса белгилөө жана аудитория менен өз ара аракеттенүүнү уюштуруу үчүн колдонулган негизги лексикалык, синтаксистик жана стилистикалык каражаттарды аныктоо. Материал лексикалык-семантикалык, контексттик, стилистикалык жана прагматикалык ыкмаларды, ошондой эле сандык анализдин элементтерин колдонуу менен талданат. Натыйжада, лексикалык жана синтаксистик кайталоо, прономиналдык формалар, параллелдүү конструкциялар, антитеза жана метафоралык туюнтмалар аныкталган. Бул каражаттар маалыматты баса белгилөө, саясий билдирүүлөрдү структуралоо, позицияларды карама-каршы коюу, аудитория менен коммуникативдик мамилелерди түзүү жана сөздүн экспрессивдүүлүгүн жогорулатуу функцияларын аткараары аныкталган. Изилдөө көрсөткөндөй, саясий сөздүн таасир этүү потенциалы белгилүү бир коммуникативдик контекстте иштеген ар кандай тилдик каражаттардын өз ара аракеттенүүсү аркылуу пайда болот.

Ачкыч сөздөр: саясий дискурс, саясий сөз, таасир этүүнүн тилдик каражаттары, Дональд Трамп, лексикалык кайталоо, ат атоочтор, синтаксистик параллелизм, антитеза, метафора, саясий коммуникация.

Кулубекова Азарабу Оморакуновна, Ошский государственный университет, город Ош, Кыргызская Республика, кандидат филологических наук, доцент. ORCID: 0000-0002-6352-5459. e-mail: akulubekova@oshsu.kg : (+996772 224 515)

ЯЗЫКОВЫЕ СРЕДСТВА ВОЗДЕЙСТВИЯ В ПОЛИТИЧЕСКОЙ РЕЧИ ДОНАЛЬДА ТРАМПА: НА МАТЕРИАЛЕ ВЫСТУПЛЕНИЯ 22 ИЮНЯ 2016 ГОДА

Аннотация. Растущий интерес лингвистов к политическому дискурсу и языковому поведению политических лидеров определяет актуальность исследования языковых средств воздействия в политической речи. В статье рассматриваются языковые средства воздействия, используемые Дональдом Трампом в публичном выступлении 22 июня 2016 г. Цель *исследования* заключается в выявлении основных лексических, синтаксических и стилистических средств, используемых для акцентирования политически значимой информации и организации взаимодействия с аудиторией. Материал анализируется с применением лексико-семантического, контекстуального, стилистического и прагматического методов, а также элементов количественного анализа. В результате выявлены лексический и синтаксический повтор, местоименные формы, параллельные конструкции, антитеза и метафорические выражения. Установлено, что данные средства выполняют функции акцентирования информации, структурирования политических сообщений, противопоставления позиций, установления коммуникативных отношений с аудиторией и повышения выразительности речи. Исследование показывает, что воздействующий потенциал политической речи формируется посредством взаимодействия различных языковых средств, функционирующих в конкретном коммуникативном контексте.

Ключевые слова: политический дискурс, политическая речь, языковые средства воздействия, Дональд Трамп, лексический повтор, местоимения, синтаксический параллелизм, антитеза, метафора, политическая коммуникация.

Kulubekova Azarabu Omorakunovna – Candidate of Philological Sciences, Associate Professor, Department of American and Translation Studies, Osh State University, Osh, Kyrgyzstan. ORCID: 0000-0002-6352-5459 e-mail: akulubekova@oshsu.kg (+996772 224 515)

LINGUISTIC MEANS OF PERSUASION IN DONALD TRUMP'S POLITICAL SPEECH: A CASE STUDY OF HIS SPEECH DELIVERED ON JUNE 22, 2016

Abstract: The growing interest among linguists in political discourse and the linguistic behavior of political leaders underscores the relevance of studying the linguistic means of persuasion in political speech. This article examines the persuasive linguistic devices employed by Donald Trump in a public address delivered on June 22, 2016. The study aims to identify key lexical, syntactic, and stylistic devices used to highlight politically significant information and to structure interaction with the audience. The material is analyzed using lexicosemantic, contextual, stylistic, and pragmatic methods, alongside elements of quantitative analysis. The findings reveal the use of lexical and syntactic repetition, pronominal forms, parallel structures, antithesis, and metaphorical expressions. It is established that these devices serve to emphasize information, structure political messages, contrast positions, establish communicative rapport with the audience, and enhance the expressiveness of the speech. The study demonstrates that the persuasive potential of political speech arises from the interplay of various linguistic devices functioning within a specific communicative context.

Keywords: political discourse, political speech, persuasive linguistic devices, Donald Trump, lexical repetition, pronouns, syntactic parallelism, antithesis, metaphor, political communication.

1. Киришүү

Саясий кеп – бул баяндама же маалымат гана эмес, ал аудиторияга таасир этүү үчүн колдонулган коомдук байланышты түзүүчү кептин өзгөчө түрү. Лексикалык, грамматикалык жана стилистикалык каражаттарды тандоо саясатчыга маанилүү темаларды белгилөөгө, саясий кырдаалды так түшүнүүнү калыптандырууга, сүйлөөчүнүн образын түзүүгө жана адресат менен коммуникативдик байланыш түзүүгө мүмкүндүк берет. Ошондуктан, таасир этүүнүн тилдик каражаттарын изилдөө заманбап саясий дискурстагы изилдөөнүн эң актуалдуу багыттарынын бири болуп саналат.

Кайталоо, прономиналдык формалар, синтаксистик параллелизм, антитеза, метафора жана сүйлөөнү уюштуруунун башка каражаттары саясий кепте өзгөчө мааниге ээ. Алар стилистикалык гана эмес, прагматикалык функцияны да аткарат: бул каражаттар маалыматты баса белгилөөгө, эмоционалдык таасирди күчөтүүгө, саясий позицияларды карама-каршы коюуга жана аудиториянын көңүлүн бурууга жардам берет. Т.ван Дейк белгилегендей, саясий дискурс социалдык өкүлчүлүктөрдүн калыптанышы жана кайра жаралышы менен тыгыз байланышта, тилдик тандоо бул процесстин маанилүү бөлүгү болуп саналат [6].

Бул иликтөөдө Дональд Трамптын 2016-жылдын 22-июнундагы АКШнын президенттик шайлоо өнөктүгү учурундагы кеби каралат. Бул кеп кайталоолорду, ат атоочторду, параллелдүү конструкцияларды, антитезаларды жана метафоралык туюнтмаларды кеңири колдонгондугунан улам лингвистикалык кызыгууну жаратат. Бул ыкмалар бизге кептин тилдик уюштурлушу негизги саясий темаларды баса белгилөөгө жана аудитория менен байланыш түзүүгө кандайча жардам берерин байкоого шарт түзөт.

Бул *изилдөөнүн максаты* – Дональд Трамптын коомчулуктун алдында сүйлөгөн кебинде колдонгон негизги лингвистикалык каражаттарды аныктоо жана мүнөздөө, ошондой эле алардын коммуникативдик жана прагматикалык функцияларын аныктоо. Бул максатка жетүү үчүн төмөнкү *милдеттер* аткарылат: - талданып жаткан кептеги эң мүнөздүү лингвистикалык таасир этүү каражаттарын аныктоо; - лексикалык жана синтаксистик кайталоонун колдонулушунун өзгөчөлүгүн ачып берүү; - кептин коммуникативдик мейкиндигин уюштуруудагы ат атоочтордун ролун талдоо; - синтаксистик параллелизмдин жана антитезанын функцияларыначып берүү; - аныкталган каражаттардын негизги коммуникативдик жана прагматикалык функцияларын аныктоо.

Изилдөөнүн *жаңылыгы* Дональд Трамптын саясий кебинде колдонулган белгилүү бир тилдик каражаттарды алардын лексикалык, синтаксистик, стилистикалык жана прагматикалык мүнөздөмөлөрүн эске алуу менен комплекстүү изилдөөдө жатат.

2. Изилдөө материалдары жана методдору

Бул илимий иш АКШнын президенти Д. Трамптын 2016-жылдын 22-июнундагы президенттик шайлоо өнөктүгүнүн негизги маселелерине арналган коомчулук алдында сүйлөгөн кебинин текстине негизделди. Материал саясий жактан маанилүү маалыматты баса белгилөөгө, аудитория менен байланыш түзүүгө жана билдирүүнүн экспрессивдүүлүгүн жогорулатууга багытталган кептин тилдик каражаттарга бай экендигинен улам тандалып алдынды.

Изилдөө үчүн кептин текстинен лексикалык жана синтаксистик кайталоолорду, ат атооч формаларын, параллелдүү конструкцияларды, антитезаларды жана метафоралык туюнтмаларды камтыган эң көрүнүктүү фрагменттер талдоого алынды. Талдоо жеке тилдик бирдиктерге эмес, алардын контексттик колдонулушуна жана саясий кептин түзүмүндөгү коммуникативдик функциясына жүргүзүлдү.

Иште коюлган максатка жетүү үчүн кошумча ыкмалардын айкалышы колдонулду. *Лексикалык* жана *семантикалык ыкма* маанилүү лексикалык бирдиктерди, алардагы кайталоолорду жана семантикалык өзгөчөлүктөрдү аныктоо үчүн колдонулду. *Контексттик ыкма* белгилүү бир сөз чөйрөсүндөгү тилдик каражаттардын маанисин аныктоого мүмкүндүк берди. Кайталоолорду, параллелдүү конструкцияларды, антитезаларды жана метафораларды

кепти уюштуруу жана билдирүү каражаты катары аныктоо үчүн *стилистикалык талдоо* колдонулду. *Прагматикалык талдоо* бизге аныкталган тилдик каражаттардын коммуникативдик функцияларын аныктоого жана алардын лидердин аудитория менен өз ара аракеттенүүсүн уюштуруудагы ролун аныктоого шарт түздү.

Ар кандай тилдик каражаттардын өз ара аракеттенүүсүнө өзгөчө көңүл бурулду. Тактап айтканда, лексикалык кайталоонун синтаксистик параллелизм менен, атоочтук формалардын карама-каршылык менен жана кайталануучу конструкциялардын градация менен айкалышы талданды. Бул ыкма бизге тилдик каражаттарды өзүнчө эмес, саясий кептин коммуникативдик уюмунун өз ара байланышкан элементтери катары кароого өбөлгө түздү.

Ошентип, тандалган методология бизге Дональд Трамптын кебинин формалдык өзгөчөлүктөрүн гана эмес, колдонулган тилдик каражаттардын негизги функцияларын аныктоого мүмкүндүк берет: маалыматты баса белгилөө, саясий билдирүүлөрдү түзүмдөштүрүү, позицияларды карама-каршы коюу, аудитория менен мамилелерди түзүү жана кептин экспрессивдүүлүгүн жогорулатуу болуп эсептелет.

3. Изилдөөнүн жыйынтыктары жана талкуу

3.1. Саясий кептеги тилдик таасир этүү каражаттарын изилдөөнүн теориялык негиздериу талкуулоо

Азыркы кыргыз лингвистикасында текст, дискурс, саясий дискурс сыяктуу тил илиминин маселелерине кызыккан изилдөөчүлөрдүн санынын да арбыганы байкалууда. Мисалы: көркөм прагматика [17], прецеденттик феномендер [1], грамматикалык феномендер ж.б. [5] маселелери изилдөөгө алынып жаткан учур. Адамдын кеби анын ички дүйнөсүн чагылдырып, инсандыгы жөнүндө билим булагы катары кызмат кылат. Андан тышкары, "адамды тилсиз изилдөө мүмкүн эместиги айдан ачык...", анткени дал ушул сүйлөөдө анын ой жүгүртүүсүнүн, дүйнө таанымынын жана айланадагы чындыкка болгон мамилесинин өзгөчөлүктөрү ачылат. Ошол эле учурда, "тилди адамдан бөлүп кароо" мүмкүн эмес, анткени сүйлөөчүсүз тил белгилердин системасы гана бойдон калат. Бул идеяны В.Воробьев да тастыктап, ал “инсандык жөнүндө тилде чагылдырылган тилдик инсандык катары гана айтууга болот” деп эсептейт [3, с. 26].

“Тилдик инсандык” термини биринчи жолу 1927-жылы немис тилчиси Я.Л.Вайсгербердин “Эне тили жана рухтун калыптанышы” аттуу эмгегинде колдонулган. Анын тилди түшүнүүсүндө жамааттык элемент өзгөчө орунду ээлеген. Изилдөөчүнүн айтымында, тил – бул адамдын жеке жөндөмдөрүнө гана эмес, ошондой эле белгилүү бир тилдик коомчулукка таандыктыгына да байланышкан универсалдуу маданий баалуулук [4, с. 124].

“Тилдик инсандык” концепти тил менен жеке аң-сезимдин, дүйнө таанымдын жана коммуникативдик жүрүм-турумдун ортосундагы байланышты изилдөөгө мүмкүндүк берет [2]. Инсан өзүн объективдүү иш-аракет аркылуу гана эмес, ошондой эле тил жана сүйлөөсүз мүмкүн болбогон баарлашуу процесси аркылуу да көрсөтөт. Бул жагынан алганда, адамдын кептик жүрүм-туруму анын коммуникативдик мамилелерин жана аудиториясы менен өз ара аракеттенүү ыкмаларын изилдөө үчүн маанилүү булак болуп саналат.

Бул принцип саясий коммуникацияны изилдөөдө өзгөчө мааниге ээ. Саясий ишмердүүлүк дайыма коомчулуктун назарында болот жана саясатчылардын коомдук сөздөрү коом менен өз ара аракеттенүүнүн негизги каражаттарынын бири катары кызмат кылат. Саясий коммуникация маалыматты жеткирүүгө гана эмес, ошондой эле белгилүү бир идеяларды жана көз караштарды жайылтууга, коомдук кабылдоолорду калыптандырууга, аудиториянын көңүлүн бурууга жана конкреттүү аракеттерди кубаттоого багытталган. Ошондуктан, саясатчынын тили коммуникациялык максаттарга жана тандалган стратегияларга шайкеш келиши керек, ал эми экспрессивдүү тилдик каражаттарды колдонуу аудитория менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүнүн маанилүү шартына айланат.

Цуциев белгилегендей, саясатчынын тилдик инсандыгын изилдөө анын кеп ишмердүүлүгүн башка тилдик инсандардын кебинен айырмалаган универсалдуу мүнөздөмөлөрдү, ошондой эле жеке өзгөчөлүктөүн, жана алардын өзүнө мүнөздүү стратегияларын жана тактикасын ачып берет [16, с. 76]. Демек, саясатчынын кептик жүрүм-турумун талдоо анын тилдик инсандыгынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн гана эмес, адресатка таасир этүү ыкмаларын аныктоого мүмкүндүк берет.

Саясий кептин таасир этүү потенциалы ар кандай тилдик каражаттар аркылуу ишке ашат. Аларга лексикалык жана синтаксистик кайталоо, прономиналдык формалар, параллелдүү конструкциялар, антитеза, метафора жана башка экспрессивдүү каражаттар кирет. Аларды колдонуу саясатчыга маанилүү маалыматты баса белгилөөгө, билдирүүнү түзүмдөөгө белгилүү бир позицияларды салыштырууга, саясий кырдаалдын образын түзүүгө жана аудитория менен белгилүү мамилелерди курууга өбөлгө түзөт.

Бул процессте тилдик бирдиктерди тандоо жана алардын контекст ичинде уюштурулушу негизги ролду ойнойт. Бир эле тилдик элемент коммуникативдик кырдаалга жараша ар кандай функцияларды аткара алат. Ошондуктан таасир этүүнүн тилдик каражаттарын изилдөөдө алардын формалдык мүнөздөмөлөрүн гана эмес, колдонуу контекстин, айтылыштын мазмунун жана максаттуу коммуникативдик функцияны да эске алуу зарыл.

Кыргыз тил илиминин тажрыйбасына кайрылсак, акыркы жылдары дискурстук анализ, саясий дискурс, тилдик инсандык жана саясий коммуникация маселелерине көбүрөөк көңүл бурулуп жатканын белгилөөгө болот. Бул багыттар, атап айтканда, Ч.К.Найманова [10; 11; 13]

тилдик инсандыкка, саясий дискурска, дейксиске жана дискурстук анализге арналган изилдөөлөрүндө, ошондой эле А.О.Кулубеконун саясий лидерлердин тилдик инсандыгын изилдөөгө жана саясий дискурсту концептуалдык талдоосуна байланыштуу эмгектеринде [10;11] чагылдырылган. Бул изилдөөлөр кыргыз тил илиминде дискурстук мамиленин өнүгүшүн көрсөтүп, саясий коммуникациянын тилдик мүнөздөмөлөрүн андан ары изилдөө үчүн теориялык негиз түзөт.

Бул макалада Дональд Трамптын 2016-жылдын 22-июнундагы коомчулуктун алдында сүйлөгөн сөзүнүн негизинде анын кептик жүрүм-туруму иликтенет. Өзгөчө кызыгууну жараткан жагдай – бул кептин тилдик уюштурулушунда маалыматты баса белгилөө, карама-каршы коюу, билдирүүнү түзүмдөштүрүү жана аудитория менен байланыш түзүү сыяктуу ар түрдүү тилдик каражаттардын колдонулушу эсептелет. Саясий коммуникацияны изилдөөлөрдө белгиленгендей, тил – саясий ишмердин коом менен өз ара аракеттенүүсүнүн жана өзүнүн коммуникативдик ниеттерин ишке ашыруусунун негизги каражаттарынын бири болуп саналат [14, с. 50–60].

Ошентип, таасир этүүнүн тилдик каражаттарын изилдөө саясий кепти байланыштын бир түрү катары да, саясатчынын аудитория менен өз ара аракеттенүүсүн уюштуруунун жолу катары да кароого мүмкүндүк берет. Андан ары талдоо Трамптын кебинин эң ачык көрүнгөн элементтерине: лексикалык жана синтаксистик кайталоолорго, прономиналдык формаларга, параллелдүү конструкцияларга, антитезаларга жана метафоралык туюнтмаларга багытталат. Аларды конкреттүү билдирүүлөр контекстинде кароо бул каражаттардын негизги коммуникативдик-прагматикалык функцияларын жана аларды саясий кепте колдонуунун өзгөчөлүктөрүн аныктоого өбөлгө түзөт [14, с. 50–60]. Ошондой эле А.О. Кулубекова “саясий дискурста метафора, символдор ж.б. тилдик каражаттарды стратегиялык жактан колдонуу саясий өзгөчөлүктөрдү калыптандырууда чечүүчү ролду ойной тургандыгын” белгилеп, стилистикалык каражаттардын сүйлөөчүнүн кебин ишенимдүү жана таасирдүү көрсөтүүдөгү маанисине көңүл бурат [11].

3.2. Лексикалык кайталоо таасир этүү каражаты катары

Дональд Трамптын саясий кептериндеги таасир этүүнүн мүнөздүү куралдарынын бири – лексикалык кайталоо болуп саналат. Негизги сөздөрдү жана сөз айкаштарын кайталоо сүйлөөчүнүн маанилүү темаларын баса белгилөөгө, билдирүүнүн эмоциональдык таасирин күчөтүүгө жана аудиториянын негизги идеяны кабыл алуусун көмөктөшөт. 2016-жылдын 22-июнундагы Трамптын эл алдында сүйлөгөн кебинин текстинде кайталоо негизинен учурдагы саясий жана экономикалык көйгөйлөрдү мүнөздөө жана Трамптын сунуштаган чечимдерин түзүү үчүн колдонулат.

Текстте "*rigged* (бурмаланган)" сөзү бир канча жолу кайталанат: "*We will never be able to fix a* ***rigged*** *system by counting on the same people who* ***rigged*** *it in the first place. The insiders wrote the rules of the game to keep themselves in power and in the money*" [15]. Ал эми бул лексема кийинки контексттерде бир нече жолу кайталанат: *"It's not just the political system that's* ***rigged.*** *It's the whole economy"*, *"It's* ***rigged*** *by big donors"*, *"It's* ***rigged*** *by big businesses"* [15].

"*Rigged*" сөзүнүн кайталанышы бул мисалда өзгөчө лексикалык борборду түзөт. Бул түшүнүк алгач саясий системага карата колдонулуп, андан кийин экономиканы, ири донорлорду жана бизнести камтыйт. Ошентип, бир эле кайталанган лексема аркылуу ар түрдүү көйгөйлөр учурдагы тиртиптин бирдиктүү терс көрүнүшү катары байланыштырылат. Прагматикалык жактан алганда, кайталоо системалык өзгөрүүлөрдүн зарылдыгын баса белгилеп, учурдагы тартип менен Трамп сунуштаган аны өзгөртүү моделинин ортосундагы карама-каршылыкты күчөтөт.

Дагы бир мисалды карайбыз: "*The fact is, we can come back bigger and better and stronger than ever before –* ***Jobs, jobs, jobs*****!**" [15]. Бул кыска жана эмоционалдуу айтылган конструкцияда ***jobs*** сөзү үч жолу кайталанат.

Jobs зат атоочунун үч жолу кайталанышы маанилик жана интонациялык басымды күчөтөт. Башка узун аргументтерден айырмаланып, кыска, кайталануучу конструкция аудитория тарабынан жеңил кабыл алынып, эсте жакшы сакталат. Мындан тышкары, "jobs" сөзү экономикалык маселелерди жарандардын кызыкчылыктары, биринчи кезекте жумуш менен камсыз кылуу жана материалдык жыргалчылык менен түздөн-түз байланыштырат.

Кийинки мүнөздүү кайталоо – биринчи жактын көптүк санын билдирген ***we*** ат атоочунун жана ага тиешелүү этиштик конструкциясынын кайталанып колдонулушу, ал кепте маанилүү роль ойнойт. Айрым эмгектерде сүйлөөчү *we* ат атоочун "угармандардын көңүлүн белгилүү бир иш-аракеттерге катышууга буруу үчүн" колдонору белгиленет [10]. Демек, бул ат атооч топко кайрылуу жана биргелешкен иш аракетке чакыруу функциясын аткара алат.

Төмөнкү мисалдарга көңүл буралы: "***We*** *think big, and then* ***we*** *make it happen". "****We*** *will never be able to fix a rigged system…". "That's why* ***we're*** *asking Bernie Sanders' voters to join our movement: so together* ***we*** *can fix the system for ALL Americans"* [15]. Бул мисалдарда ***we*** сөзүнүн кайталанышы баса белгилөөчү гана эмес, бириктирүүчү функцияны да аткарат. Сүйлөөчү өзүн жана аудиторияны *we* ат атоочу менен белгиленген бирдиктүү топтун курамына киргизет. *We* ат атоочунун *think, make, fix* сыяктуу кыймы-аракетти билдирген этиштер менен айкалышы өзгөчө маанге ээ. Бул биргелешкен аракет идеясын жана учурдагы кырдаалды өзгөртүүгө болгон жамааттык жөндөмдү көрсөтөт. Ошентип, лексикалык жана грамматикалык кайталоо бирдиктүү коомдук субъекттин образын калыптандырууга өбөлгө түзөт.

Дагы бир мүнөздүү мисал ***America*** лексемасын жана анын туундуларын кайталоону камтыйт. Кепте мисалы: - *“America First”*, *“Make America Great Again”*, *“All Americans”*, *“American people”*, *“American worker”* жана *“American economy”* сыяктуу сөз айкаштары ырааттуу колдонулат.

Бул бирдиктердин топтолушу улуттук кызыкчылыктардын тематикалык талаасын калыптандырат. Өлкөнүн аталышын жана анын туундуларын кайталоо экономика, жумуш менен камсыз кылуу, соода жана башкаруу сыяктуу ар кандай маселелерди Американын кызыкчылыктарын коргоо түшүнүгү менен байланыштырат. Натыйжада, ар кандай саясий сунуштар саясий көңүлдүн негизги чордону катары “Америка” идеясына негизделген бирдиктүү контекстте берилет.

Ошентип, талданып жаткан кептеги лексикалык кайталоо бир нече өз ара байланышкан функцияларды аткарат: билдирүүнү баса белгилөө, эмоционалдык күчөтүү, бириктирүү жана тематикалык уюштуруу. Эң көп кайталанган бирдиктер – *rigged, jobs, we жана America* – угармандардын көңүлүн кептин негизги багыттарына бурат: учурдагы системаны сындоо, экономика жана жумуш менен камсыз кылуу, жамааттык аракет жана улуттук кызыкчылыктар болуп саналат. Ушундай жол менен кайталоо жөн гана стилистикалык каражат катары эмес, саясий билдирүүнү түзүмдөштүрүүнүн жана анын ынанымдуулук таасирин күчөтүү механизими катары кызмат кылат.

3.3. Синтаксистик параллелизм жана градация

Дональд Трамптын кебиндеги дагы бир мүнөздүү өзгөчөлүк – бул ритоикалык ыкма, бул ыкма негизинен градация менен айкалышкан синтаксистик параллелизм. “Градация – бул белгилүү бир таасир жаратуу максатында тексттеги элементтерди ырааттуу түрдө күчөтүүдөн же басаңдатуудан турган адабий тилдеги стилистикалык ыкма. Бул ыкма сөздүн таасирдүүлүгүн арттыруу, маанилүүлүгүн баса белгилөө, ыргактуулукту жана динамикалдуулукту түзүү үчүн колдонулушу мүмкүн” [12]. Трамптын кебинде бул ыкмалар окшош синтаксистик түзүлүштөрдүн кайталанышы аркылуу кепке ыргактуулук жаратып, маалыматты кабыл алууну жеңилдетет жана айтылган пикирдин эмоционалдык таасирин күчөтөт. Мисалы: *“We can come back* ***bigger and better and stronger*** *than ever before”* [15].

Бул мисалдагы “*bigger – better – stronger”* (“чоңураак – жакшыраак – күчтүүрөөк”) деген бир өңчөй сын атоочтордун тизмеги өсүүчү градацияны түзөт. Ар бир кийинки компонент мурунку компоненттин маанисин күчөтүп, келечектеги оң өзгөрүүлөрдүн образын жаратат. Ошол эле учурда, *and* байламтасынын кайталанышы сөз айкашына ыргактуулук берип, анын эсте калуусун күчөтөт жана ыраатуу тизмекти түзөт. Мисалы: “*We think big, and then we make it happen*” [15]. “*We + verb* (биз+этвиш)” түрүндөгү параллелдүү түзүлүш жамааттык

субъекттин активдүү ролун баса белгилейт. *Think* (ойлоо) жана *make* (жасоо) этиштеринин колдонулушу ниет менен практикалык аракетти ырааттуу түрдө байланыштырат.

Ошентип, синтаксистик параллелизм жана градация Трамптын сөзүндөгү басым жасоо, эмоционалдык таасирди күчөтүү жана билдирүүнүн эсте калуусун камсыз кылуу функцияларын аткарат. Бул ыкмалар саясий сунуштарды кыска, ыргактуу жана оңой кабыл алынуучу формада берүүгө мүмкүндүк берет.

3.4. Карама-каршы коюу таасир этүү каражаты катары

Карама-каршы коюу – Трамптын саясий кебинде таасир этүүнүн маанилүү каражаттарынын бири болуп саналат. Анын жардамы менен баяндамачы учурдагы кырдаал менен сунушталып жаткан өзгөрүүлөрдү айырмалайт, ошондой эле саясий түзүмдү карапайым жарандарга карама-каршы коёт. Мисалы: *"**The insiders** wrote the rules of the game to keep themselves in power and in the money"* [15].

Бул жерде карама-каршылык грамматикалык жактан эмес, мазмундук жагынан түзүлгөн: "*insiders* (ички чөйрөдөгүлөр)" учурдагы абалды сактап калууга кызыкдар топ катары сүрөттөлсө, сөздүн кийинки бөлүгү карапайым америкалыктардын кызыкчылыгын коргоого багытталган саясий позицияны билдирет. Ушундай эле маанилик карама-каршылык төмөнкү мисалда да байкалат, мисалы: "*We can come back **bigger** and **better** and **stronger** than ever before"* [15]. Бул жерде азыркы реалдуу абал самаган келечекке кыйыр түрдө карама-каршы коюлат. Мындай баяндоо түзүмү өзгөрүүлөрдү жамааттык аракеттин натыйжасында жетүүгө мүмкүн болгон максат катары көрсөтүүгө шарт түзөт. Ошентип, карама-каршы коюу саясий билдирүүнү поляризациялоого жана кааланган келечектин моделин баса белгилөөгө мүмкүндүк берет.

Тексттеги төмөнкү мисал да өзгөчө көңүл бурууга арзыйт: "*We are going to make America rich again. We are going to make America safe again. We are going to make America Great Again...*" [15]. Бул жерде Трамп окшош синтаксистик моделди кайталоо аркылуу бир нече билдирүүнүырааттуу уюштурат. *Rich again, safe again жана Great Again...* конструкцияларынын кайталанышы кепке күчөтүүчү жана эмоционалдык таасир берип, угармандарга берилген билдирүүнүн негизги мазмунун оңой кабыл алууга шарт түзөт. Мындай каонструкциялардын кайталанышы сөздү ыргактуу жана таасирдүү кылып, бүтүндөй тексттин экспрессивдүүлүгүн жогорулатат.

3.5. Модалдык, баалоочу жана инклюзивдик каражаттар

Кептин таасир этүү потенциалы модалдык, баалоочу жана инклюзивдик тилдик каражаттардын өз ара бакалышы аркылуу күчөтүлөт. Саясий дискурста бул каржаттар сүйлөөчүнүн белгилүү бир позицияга болгон ишенимин билдирүүгө, саясий кырдаалга баа

берүүгө, ошондой эле аудиторияны сунушталган идеяларга жана аракеттерге тартууга кызмат кылат.

Трамптын саясий сөздөрүндө иш-аракеттин ишенимдүүлүгүн, мүмкүнчүлүгүн жана зарылдыгын билдирген ***will, can, need to*** сыяктуу модалдык конструкциялар активдүү колдонулат. Мисалы: "*We **will** never be able to fix a rigged system by counting on the same people who rigged it in the first place*" [15]. Бул мисалда *will never be able to* (*эч качан ... бол албайт*) модалдык конструкциясы учурдагы саясий системаны өзгөртүүгө байланыштуу терс баанын категориялдуу мүнөздө берилишин камсыз кылат. *Will* келечекке багытталган ишенимдүү билдирүүнү түзсө *never be able to* формасы мүмкүнчүлүктүн толук четке кагылышын билдирип, айтылган пикирдин кескиндигин күчөтөт. Ошол эле учурда, дискурстун башка контексттеринде колдонулган *we can* конструкциясы өзгөрүүгө болгон мүмкүнчүлүктүжана биргелешкен аракеттин натыйжалуулугуна болгон ишенимди билдирет. Трамптын тилинин негизги айырмалоочу дагы бир өзгөчөлүк – бул анын өзүнө болгон ишенимин жөнөкөй тилдик каражаттар менен угармандарды ишенире алышы. Ишенимдүүлүк көбүнчө адамдын ишенимине карата субъективдүү ынануу сезими катары аныкталат [7]. Ишенимдүүлүк менен күчтүн сезимдери өз ара түздөн-түз байланышкандыктан [8; 15] бири-бирине окшош.

Модалдык каражаттар менен катар баалоочу лексика саясий чындыкты белгилүү бир баалуулуктук позициядан көрсөтүүгө шарт түзөт. Мисалы: *Rigged, corrupt, unfair* (*бурмаланган, коррупцияланган, адилетсиз*) сыяктуу баалоочу лексика бирдиктер учурдагы саясий системанын терс образын калыптандырат, ал эми *great, better, stronger* (улуу, жакшыраак, күчтүү) сыяктуу сөздөр болжолдонгон келечектин оң образын түзүүгө багытталат. Мындай карама-каршы баалоо учурдагы абал менен сунушталган келечектин ортосунда семантикалык айырмачылыкты жаратып, саясий өзгөрүүнүн зарылдыгын баса белгилейт.

Модалдык жана баалоочу каражаттардын таасири инклюзивдик конструкциялар аркылуу дагы күчөтүлөт. Айрыкча, *we* ат атоочунун колдонулушу сүйлөөчүнү аудитория менен бирдиктүү социалдык жана саясий топтун курамында көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Мисалы, *"We are going to make America great again"* (Биз Американы кайрадан улуу кылабыз) [15] деген билдирүүдө *we* ат атоочу сүйлөөчүнү жана аудиторияны бирдиктүү "биз" катары бириктирип, жалпы максат жана биргелешкен жоопкерчилик идеясын жаратат. Мында саясий өзгөрүү бийликтеги субъекттин гана аракети катары эмес, америкалыктардын жалпы катышуусун талап кылган биргедешкен иш катары көрсөтүлөт.

Ушундай эле инклюзивдик маани төмөнкү мисалда да байкалат: *"That's why we're asking Bernie Sanders' voters to join our movement: so together we can fix the system for ALL Americans"* [15]. Бул жерде *we*, *together* жана *ALL Americans* тилдик бирдиктери бири-бири менен

айкалышып, саясий аракеттин коллективдүү мүнөзүн баса белгилейт. *We* сүйлөөчү менен анын тарапташтарын бирдиктүү субъект катары корсөтсө, *together* лексемасы биргелешкен аракеттин идеясын күчөтөт. Ал эми *ALL Americans* сөз айкашы кайрылуунун адресатын кеңейтип, саясий демилгенин бүтүндөй улуттук коомчулукка багытталгандыгын көрсөтөт. Натыйжада аудитория белгилүү бир саясий позицияны колдоочу пассивдүү кабыл алуучу катары эмес, сунушталган өзгөрүүнү ишке ашырууга катышуучу субъект катары концептуалдаштырылат.

Демек, модалдык, баалоочу жана инклюзивдик каражаттар саясий дискурста өз алдынча гана эмес, өз ара байланышта да маанилүү функция аткарат. Модалдык конструкциялар билдирүүнүн ишенимдүүлүгүн, зарылдыгын же мүмкүнчүлүгүн көрсөтсө, баалоочу лексика саясий кырдаалды оң же терс баалоонун багытын аныктайт. Ал эми инклюзивдик конструкциялар сүйлөөчү менен аудиториянын ортосундагы тилдик жана концептуалдык жакындыкты күчөтүп, саясий аракетти жалпы максатка багытталган биргелешкен долбоор катары көрсөтүүгө шарт түзөт. Ушундай каражаттардын комплекстүү колдонулушу саясий билдирүүнүн ынанымдуулук жана апелляциялык потенциалын жогорулатып, аудиториянын саясий окуяларга жана сунушталган өзгөрүүлөргө карата белгилүү бир мамилесин калыптандырууга өбөлгө түзөт.

Изилдөөнүн кыскача жыйынтыктары

Жүргүзүлгөн талдоо Дональд Трамптын саясий сөзүнүн ынандыруучулук потенциалы өз ара байланышкан тилдик каражаттардын комплекстүү колдонулушу аркылуу калыптанарын көрсөттү. Лексикалык кайталоо негизги темаларды баса белгилеп, алардын эсте сакталышын камсыз кылат; синтаксистик параллелизм жана градация билдирүүнүн ритмин жана эмоционалдык экспрессивдүүлүгүн күчөтөт; карама-каршылык саясий билдирүүнүн мазмунун учурдагы абал менен каалаган абалды салыштыруу аркылуу уюштурат; модалдык жана баалоочу каражаттар ишенимдүүлүк, зарылдык жана мүмкүнчүлүк сыяктуу маанилерди билдирип, саясий кубулуштарга оң же терс баа берүүгө шарт түзөт; ал эми инклюзивдик конструкциялар баяндамачы менен аудиториянын ортосундагы биримдик жана жалпы максат сезимин калыптандырат.

Жыйынтыктап айтканда, аныкталган тилдик каражаттар бир нече негизги функцияны аткарат: баса белгилөө, эмоционалдык күчөтүү, баалоо, ынандыруу жана бириктирүү. Алардын комплекстүү колдонулушу саясий сөздүн аудиторияга таасир этүүсүн камсыз кылган бирдиктүү коммуникативдик механизмди түзөт.

Корутунду

Дональд Трамптын саясий сөзүндөгү лингвистикалык ынандыруу ыкмаларын изилдөө анын коомдук-саясий кайрылуусунун тилдик уюшулушуна мүнөздүү бир катар үлгүлөрдү

аныктоого мүмкүндүк берди. 2016-жылдын 22-июнунда сүйлөгөн сөзүнүн талдоосу ынандыруу эффектиси обочолонгон тилдик бирдиктердин колдонулушу менен гана эмес, алардын өз ара байланышта жана комплекстүү түрдө колдонулушу аркылуу түзүлөөрүн көрсөттү.

Изилдөөнүн жыйынтыгында негизги ынандыруучу каражаттар катары лексикалык кайталоо, синтаксистик параллелизм жана градация, карама-каршылык, модалдык жана баалоочу конструкциялар, ошондой эле, кайрылуунун инклюзивдик формалары аныкталды. Бул тилдик каражаттар негизги саясий идеяларды баса белгилөөгө, билдирүүнүн эмоционалдык таасирин күчөтүүгө, баалуулук позицияларды билдирүүгө, каалаган келечектин образын калыптандырууга жана аудиторияны жамааттык аракеттин субъектиси катары көрсөтүүгө кызмат кылат.

Ошентип, изилдөөнүн жыйынтыктары саясий кептеги лингвистикалык каражаттар бир эле учурда коммуникативдик жана прагматикалык функцияларды аткарарын көрсөттү. Алар маалыматты берүүнүн каражаты болуу менен чектелбестен, саясий билдирүүнүн мазмунун белгилүү бир багытта уюштурууга жана анын аудиторияга тийгизген таасирин күчөтүүгө катышат.

Жыйынтыктоочу түрдө, талдоонун негизги натыйжаларын төмөнкү таблицадан көрүүгө болот:

Тилдик каражаттар	**Мисалдар**	**Негизги функциялары**
Лексикалык кайталоо	*rigged, jobs, we, America*	Басым жасоо, маанини күчөтүү
Параллелизм жана градация	*bigger and better and stronger; going to; know it's all abou.*	Эмоционалдык жана экспрессивдик күчөтүү
Карама-каршылык	*insiders – ordinary Americans.*	Карама-каршы коюу, саясий позицияларды ажыратуу
Модалдуулук жана баалоочу каражаттар	*will, can, need to; rigged, great.*	Баалоо, ишенимдүүлүктү жана ынандыруучулукту күчөтүү
Инклюзивдик конструкциялар	*we, our, us, all Americans, together.*	Бириктирүү, **апелляция**

Адабияттар:

1. Абдирасулова А.А., Эргешбаева Н.А. Прецеденттик феномендерди классификалоонун өзгөчөлүктөрү. Вестник КГУ имени И. Арабаева. – 2025, №1/1. – 580-587. https://jarchy.arabaev.kg/downloads /17 60 504181_f7e1c 952 79 f12384560e7e1f771aba30.pdf

2. Atkin E. What language experts find so strange about Donald Trump. 15.09.2015 // Thinkprogress. – Mode of access: https://think progress .org /what_ language_ experts_ find_so_strange (Date of access 24.02.2022).

3. Воробьев В.В. К понятию языковой личности //Языковая личность: Лингвокультурология. Лингводидактика. Лексикография: Коллективная монография /Под ред. проф. В.В. Воробьева, проф. Л.Г. Саяховой. Уфа: РИО БашГУ, 2002. - с. 26.

4. Вайсгербера Й.Л. **Родной язык и формирование духа. Изд. 2-е, испр. и доп.** М.: Едиториал УРСС 2004. – 232 с.

5. Bakhshaliyeva N.R. Communicative and discoursive aspects of grammatical synonyms in modern English/ Bulletin Kyrgyz State University named after I. Arabaev. – 2025. – No. 1/1. – P. 580--587. https://jarchy.arabaev.kg/downloads/ 1760504181_f7e1c95279f12384560e7e1f771aba30.pdf

6. Dijk T. A. van. Introduction: Discourse Analysis as a New Cross-Discipline // Handbook of Discourse Analysis. L.: Academic Press, 1985. Vol. 1. P. 1-10

7.Gross S, Holtz R, Miller N (1995) Attitude certainty. Attitude Strength: Antecedents and Consequences, eds Petty RE, Krosnick JA (Erlbaum, Mahwah, NJ), pp 215–245. https://doi.org/10.1207/s15327663jcp1404_11– (Date of access 24.02.2022

8. Gonzaga, G. C., Keltner, D., Londahl, E. A., & Smith, M. D. (2001). Love and the commitment problem in romantic relations and friendship. *Journal of Personality and Social Psychology, 81*(2), 247–262. https://doi.org/10.1037/0022-3514.81.2.247(Date of access 16.02.2022).

9. Guinote, A., Judd, C. M., & Brauer, M. (2002). Effects of power on perceived and objective group variability: Evidence that more powerful groups are more variable. *Journal of Personality and Social Psychology, 82*(5), 708–721. https://doi.org/10.1037/0022-3514.82.5.708(Date of access 28.02.2022).

10. Kulubekova, A., Naimanova, Ch., Shermatova, A., Khabibullaeva, N.,& Baigaziev, D. (2024). Exploring Personal Deixis in Political Discourse: An analysis of Barack Obama's Farewell Address. Traduction et Langues, 23(3), 57-74.

11. Kulubekova, A., Alieva, M., Dzhumabaeva, A., Abdieva, A., & Naimanova, C. (2024). The impact of discursive spaces on political and legal identity. *Revista Do Curso De Direito Do UNIFOR*, *15*(2), 199–214. https://doi.org/10.24862/rcdu. v 15i2.2105

12. Михайлова А.А., Крючкова Т.В. Градация как стилистический прием художественной речи // Журнал «Вестник науки» – 2024 г. № 9 (78) том 3. С. 197 - 204. 2024 г.: https://www.вестник-науки.рф/article/17266 (дата обращения: 04.10.2026 г.)

13. Naimanova Ch.K., Baktybekova A.B. Linguistic Identity of Theresa May as a Political Leader of Great Britain. Известия Вузов Кыргызстана, №8, 2019, с.140-143.

14. Пушкин А.А. Способ организации дискурса и типология языковых личностей// Язык, дискурс и личность. Тверь, 1990. С. 50−60.

15. Trump D. Full transcript: Donald Trump NYC speech on stakes of the election/ https://www.politico.com/story/2016/06/transcript-trump-speech-on-the-stakes-of-the-election-224654 (Date of access 01.10.2026).

16. Цуциева М.Г. Языковая личность политика как динамический феномен дискурса и текста // Политический дискурс в парадигме научных исследований. – Тюмень, 2014. –С. 74–78.

17. Эшкобилов А.К. Художественная прагматика колористики в прозаическом тексте (на примере повести «Белый пароход») Вестник КГУ имени И. Арабаева. – 2023, №3, С. 208-210